УДК 7.03

Абдыбаев К.Ы., Орозобаев А.К.
*И.Раззаков атындагы КМТУ*
*К.Тыныстанов атындагы ЫМУ*

# КӨРКӨМ ӨНӨРҮН МЕКТЕПТЕРДЕ ОКУТУУНУН КӨЙГӨЙЛӨРҮ

*Макалада сүрөт искусствосу сабагынынын көйгөйлөрү тууралуу ойлор айтылат.*

*В статье рассмотрены проблемы предмета изобразительное искусство.*

*The article touches upon the fine arts subject.*

***Түйүндү сөздөр:*** *эстетикалык тарбия, көркөм өнөр, кесипке багыт алуу, искусство таануу.*

***Ключевые слова:*** *эстетическая воспитание, искусство, профорентация, искусствоведение.*

***Keywords:*** *aesthetic education, fine arts, vocational counseling, Art History.*

Кыргыз улутунун келечеги биздин азыркы мектеп партасында отурган муундардын колунда экендигин бардыгыбызга маалым. Келечек муундарга туура багытта билим берүү, биринчи кезекте, ар тараптан ырааттуу өнүккөн коом мүчөсүн тарбиялоо болуп эсептелет. Эгемен Кыргыз Республикасында жүрүп жаткан коомдук жаңы тарыхый прогресстин шартында окуучуларга көркөм билим, эстетикалык тарбия берүүдө өнөрдүн, анын ичинде сүрөт искусствосунун мааниси зор. Сүрөт өнөрү мектеп окуучуларына жалпы билим берүү максатында адеп-ахлак, ыйман, саясий-социалдык, интернационалдык-патриоттук, эстетикалык жана эмгек тарбиясын калыптандырып, кесиптик багыт алууга негиз түзөт. Өнөр чыгармалары – бул турмуштун сабагы. Анткени жашоонун ар кандай учурларын, коомдогу абалды, тарыхый кырдаалды, аң-сезимдүү кабылдап, туура түшүнүп, таанып-билүүгө искусство чыгармалары көп материал берери белгилүү. Окуучулардын көркөм билимин жана эстетикалык маданиятын өнүктүрүү азыркы учурдун маанилүү милдети десек, жаңылбайбыз.

Бул макаланы жазууга азыркы күндөгү мектептердеги сүрөт сабагынын абалы түрткү болду, көп жылдары ЖОЖдо иштеген окутуучулар катары бизди мектепти жаңы бүтүп келген болочок студенттердин билим деңгээли тынчсыздандырбай койбойт. Мектепти бүткөн окуучулар жогорку же орто көркөм окуу жайларга келишкенде, көпчүлүгүнүн көркөм сүрөт өнөрү тууралуу маалыматтары жокко эсе. Окуучулардан кээде сүрөт өнөрүнө байланышкан жөнөкөй суроолорду сурасаң, жооп бере алышпайт. Көйгөйдүн чыгышына мектептерде бул тармак боюнча адистердин жетишпегендиги, сүрөт искуссвосу тууралуу кыргыз тилинде чыккан китептердин жеткиликтүү эместиги, сүрөт сабагына бөлөк предметтердей тийиштүү көңүл бурулбагандыгы, тактап айтканда, мектептерде бөлүнгөн сааттардын аздыгы жана Орусиядагыдай 7-класстарга чейин сүрөт, жогорку класстарда искусство таануу деген сабактар мектептерде киргизилбегендигинен келип чыгууда. Сүрөт, ырдоо сабактарына өгөй мамилелерден келип чыккан көкөй кести болуп турганы агартуу системасында иштегендерге көрүнүп эле турат. Буга дагы эле көз жуумп жүрө берүүгө болбойт.

Азыркы билим берүүдө системасындагы дүйнөлүк жогорку жетишкендикке жетишкен Корея, Германия сыяктуу мамлекеттерде мектеп окуучуларынын, негизинен, чыгармачылыгын өнүктүрө турган сүрөт, өнөр таануу сыяктуу сабактарга өзгөчө көңүл бурулган. Ошондой мамлекеттердин алылыктуу, алдыңкы, иштиктүү иш-тажырыйбасын пайдалануу зарыл, жаныбыздагы эски советтик иш-тажырыйбадан чыга албаган кошуна-колоңду карап отура бериштен тажай электигибиз таң калтырат. Элестетип көрүңүздөр, жумасына сүрөт сабагына бир саат бөлүнсө, экинчи жумага чейин окуучунун мээсинде бир нерсе калабы же жокпу? Жок дегенде жумасына 3 саат болсо, ошондо гана окуучулардын эс тутумунда өткөрүлгөн сабактан бир нерсе калаары шексиз. Көркөм дүйнөгө болгон окуучулардын табитинин өнүгүшүнө өбөлгө түзгөн болоор элек. Атагы таш жарган, белгилүү италиялык бедизчи Микеланджелонун сөзү менен айканда: «Улуу сүрөтчү болуш үчүн бир пайыз талант, токсон тогуз пайыз эмгек керек». Биринчи кезекте, акыл, экинчиден, машыккан кол керек. Ал үчүн убакыт же мугалимдин тили менен айтканда, көбүрөөк саат бөлүнүшү абзел.

Жакшы жыйынтыктарга жетиш үчүн мектептерде сүрөт искусствосу сабагынын жумалык жүктөмү 3сааттан кем болбосо, өтө жакшы болмок. Бирок азыркы мезгилде мектептерде жаңылануу саясаты (интеграция) жүрүп, сүрөт искусствосу сабагын 6-класска чейин гана окутуу керек деген сөздөр жүрүп жатат. Биздин оюбузча, сүрөт искусствосу сабагы азыркы окутулуп жаткан 7-класска чейин эле эмес, жок дегенде мурункудай жумалык жүктөмдү 1 сааттан кылып, башка алдыңкы мамлекеттердей 9-класска чейин, б.а., толук эмес орто билим алганга чейин окутулушу керек. Сүрөт өнөрү боюнча алган билими толук эмес орто билим алганга чейин, эки жылдын ичинде унутулуп калышы мүмкүн. Жанагы жогоруда айтылган көйгөйлөрдүн чыгышына, мындайча айтканда, жогорку, орто окуу жайларга келгенде, мектептен алган сүрөт искусствосу боюнча билиминин тайкы болуп жатышына кедерги болгондордун бири экендигин эске салалы.

Азыркы күнү Кыргыз Республикасындагы китепканаларда кыргыз тилинде сүрөт өнөрүнө (искусствосуна) өз алдынча үйрөнүүгө, аны тим эле коөлу, окуп карай турган бирин–серин китеп таппайсың. Бетке кармай турган Д.Акматовдун мектептер үчүн жазылган «Көркөм өнөр» жана 1-3 сыныптар (класстар) үчүн жазылган китепчелери жана Ж.Сыдыгалиевдин «Мектепте сүрөт искусствосун окутуунун методикалык негиздери» жана «Сүрөт тартуунун байыркы ыкмалары» аттуу жогорку педагогикалык окуу жайлар үчүн жазылган китептер аз санда чыкканы маалым, ал китептерди китепканадан көрүүгө зарсың. Китепканаларда орус сүрөтчүлөрүнөн башка бирин-серин кыргыз сүрөтчүлөрү, чыгармалары тууралуу жука китепчелерди жана жалгыз гана А.Акматалиевдин журналисттик көз караш менен таасын жазылган «Колдонмо-жасалга өнөрү» аттуу кыргыздардын прикладдык искусствосу тууралуу китебин көрсө болот. Анан кайдан сүрөтчү болот, же сүрөт өнөрүнө болгон кызыгуусу бар окурман сүрөт тартуунун ыкмалары, сүрөт өнөрүнүн тармактары жана жанрлары тууралуу маалыматтарды китепканада китеп жок болсо, кайдан табат. ЖОЖдор жана орто окуу жайлар үчүн кыргыз тилинде жазылган окуу китеби бирин-серин, жок деп койсок болот. Көркөм сүрөт өнөрүн улуттук тилде окутуу жана маалымат берүү чараларын өркүндөтүүгө мамлекет тарабынан колдоо көрсөтүлүшү керек, анткени бөлөк мамлекет кыргыз

элинин көркөм маданияты үчүн колдоо көрсөтпөйт.

Улуттук тилде сүрөт өнөрү тууралуу кеңири маалымат берген китептердин жоктугу баарыбызга маалым. Ошондой талаптарга жооп берген, 2015–жылы май айында студенттер, мугалимдер, мектеп окуучулары жана жалпы эле сүрөт өнөрүнө кызыккан окурмандар үчүн К.Ы.Абдыбаевдин «Сүрөт өнөрү жана жанрлары» аттуу окуу китеби каражаттын аздыгынан болгону 150 даана менен жарыкка чыкты. Бул китептин саны салыштырмалуу тамчы десек болот. Китептин бет ачаары Бишкек, Токмок, Ош шаарларында болуп өттү. Кыргызстан сүрөтчүлөр союзунун төрагасы Усубалиев Т., сүрөтчүлөр союзунун Оштогу бөлүмүнүн төрагасы Жалиев Б., Москвадагы Лингвистика университетинин кафедра башчысы, ф.и.к. Хулхадчиева А., Казакстан көркөм сүрөт Академиясынын академиги Жээренчиев Н., Кыргызстан кол өнөрчүлөр кеңешинин вице-президенти Абдрашева Б. ОшМУнун, ОшТУнун, Ош МПИнин, КМТУнун жана ЫМУнун окутуучулары, сүрөтчүлөр, кол өнөрчүлөр, мугалимдер ж.б. жогору бааларын беришти жана мындай китептер студенттер, мугалимдер жана жалпы эле сүрөт өнөрүнүн күйөрмандарына зарылдыгын белгилешти. Бардык деңгээлде мектептен баштап жогорку окуу жайларына чейин сүрөт искусствосунун өсүшүнө керектүү, кыргыз тилиндеги окуу китептер менен Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги камсыз кылууга милдеткер болушу керек. Бизди тынсыздандырган жагдай - азыркы мектептин окуучуларынан баштап жогорку окуу жайлардагы студенттерине чейин көркөм сүрөт өнөрү боюнча теориялык билимдин төмөндүгү. Аны жоюу үчүн кыргыз тилиндеги, тактап айтканда мамлекеттик тилде жазылган окуу китептерди, көрсөтмө куралдарды, видеофильмдерди, теле сабактарды жайылтуу зарыл.

Кээ бирөөлөр буга каршы чыгып, баарын эле сүрөтчү кылгыңар барбы дечүлөр чыгышы ыктымал. Ооба, бүт баары боло албайт, бирок окуучулардын өнөр чыгармаларын, искусство тарыхын жана архитектура эстеликтерин, туулган жердин жаратылышын жана байлыгын, эмгекти жана адам эмгегин баалай билүү жөндөмдүүлүгү калыптанат, кооздукту көрө билүүгө, эстетикалык табитинин өнүгүшүнө оболго болорун эстен чыгарбайлы. Келечекте жакшы дизайнер – сүрөтчү болуш үчүн жөн гана сүрөттү жакшы тартуу менен чектелбестен, сүрөт өнөрү тууралуу кеңири түшүнүгү бар жана сүрөтчүгө керектүү маалыматтарга сугарылган, бардык тарабынан төп келишкен адис болуш керек. Ал үчүн мектеп партасынан **баштап** окуучулардын руханий маданиятын өнүктүрүүгө өбөлгө түзүш мамлекеттик деңгээлде чечилүүгө тийиш. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бул көйгөйдү учур талабына ылайык чечет деген ойдобуз.

Жогоруда айтылган ой-толгоолордон кийин экинчи жагдайдын, пикирлердин талкуусун уланталы. Ооба, көркөм сүрөт сабагынын учурдагы абалы, деги эле окуу программаларынын түзүлүшү мурунку совет мезгилиндеги эле коюлган, калыптанып калган программа менен келе жатканы баарыбызга белгилүү. Бирок чындап ой жүгүртсөк, бул көркөм билим берүү сабагынын учурдагы жагдайга байланыштуу абалын, ордун жана максатын өзгөртүүгө зарылчылык келип калган жокпу деген ой келет. Биз учурдан артта калып калган жокпузбу? Ошондой эле бул жерде эле анча-мынча өзгөртүү менен жылган жокпузбу? Ооба, биз артта калдык. Өлкөбүз үчүн Батышы да, Чыгышы да өз кучактарын тосуп, кеңири

мейкиндик ачылды. Мына ушуну менен бирге Батыштын да, Чыгыштын да маданияттары кеңири агылып келди. Башкача айтканда, өзүбүз колдонгон буюмдардан баштап машинабыз, жашаган үйүбүз, колдонгон буюмдардын бардыгынын дизайны өзгөрдү. Искусство жаңы талаптарды коө баштады. Сүрөтчүлөрдүн чыгармалары жөнүндө аңгеме-түшүнүк, натурадан сүрөт тартуу сыяктуу көркөм сүрөт окуу сабактары учурдун талабына дал келбей калды. Бул суроого бир гана жаңы окуу предмети «Дизайндын негиздери» гана жооп бермек. Себеби, замандын өзү дизайндын заманы болуп, кучагы кеңири жайылууда. Негизги предмет «Дизайндын негиздери» болуп, калган сабактын түрлөрү тармак боюнча кетүүсү керек. Окуу планы боюнча болсо, 4-класстан 10-класска чейин жумасына 2 саат менен окутулушу керек.

Программада негизги орунду дизайнга бөлүү менен, калган чейректерде орус жана кыргыз сүрөтчүлөрүнүн чыгармаларын анализдеп окуп-үйрөтүү, тематикалык, декоративдик жана натурадан сүрөт тартуу сабактары менен кетүүгө тийиш. Дизайндын негиздеринин программасы эмнени камтууга тийиш дегенде, форма түзүү, ыңгайлуулук, кооздук жана үнөмдүүлүк, түс таануу, интерьер, экстерьер, мебелдер, үйдөгү евроремонттор тууралуу түшүнүктөр жана ландшафт дизайндары жөнүндөгү маалыматтар камтылышы керек. Иллюстративдүү материалдар, аудио жана видео материалдар кеңири пайдаланылып, аңгемелешүү өтүлүшү керек. Мындан тышкары, биздин улуттук искусство боюнча дагы практикалык сааттарды киргизүү керек. Гобелен, курак, кийиз, саймалар ж.б. Бул жаңы концепцияны ишке ашыруу үчүн жалпы ЖОЖдун жана көркөм сүрөт колледждеринин, көркөм сүрөт адистиктеринин окутуучулары, сүрөтчүлөрү, кол өнөрчүлөрү, мектеп мугалимдеринин кеңири талкуусуна коюлуу менен иштиктүү иштер, конференциялар, дилмаектер, тегерек столдор сыяктуу иш-чаралар өтүлүп, КР билим берүү жана илим министрлигине маселелер коюлуп, маалымдамалар берилип, учурдун талабындагы маселе чечилиши керек. Эгерде ушул көйгөйлөр чечилсе, биз учурдун жаштарына жогорку эстетикалык комплекстүү билим берген болоор элек.

Адабияттар:

1. Абдыбаев К. Сүрөт өнөрү жана жанрлары. – Бишкек, 2014.
2. Акматалиев А. Колдонмо-жасалга өнөрү. – Фрунзе, 1970.
3. Акматов Д. 1-3 класстар үчүн жазылган көркөм өнөр окуу китеби. – Бишкек, 2014.
4. Сыдыгалиев Ж. Мектепте сүрөт искусствосун окутуунун методикалык негиздери. – Бишкек, 2000.